**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттыкты сактоо министрлигинин**
**Дары-дармектер жана медициналык**
**техникалар менен камсыздандыруу**
**департаментинин башкы директору**
**Курманов Р.А.** ______________
**«12» ноябрь 2013 ж.**

**Дарыны медицинада колдонуу боюнча**
**НУСКАМА**

(адистер үчүн маалымат)

**СОЛИДАГОРЕН (SOLID AGOREN®)**

**Каттоо күбөлүгү** ____________________

**Негизки физикалык-химиялык касиеттери**
Күрөң түстүү тунук суюктук.

**Дары каражатынын курамы**
*Таасир берүүчү заты*: 10мл (~9,5 г) тамчыда 7,9 мл суюк саркынды бар (1:1,5-2,1), алар золотарник чөбүнүн аралашмасы (Solidaginis herba), каз таман чөбү (Anserinae herba), кырк муун чөбү (Eguiseti herba) ( 4,2:1,4:1), экстрагент: этанол 50% (об/об);
*Көмөкчү заттар*: тазартылган суу, этанол 96%.

**Дарынын түрү**Ичүү үчүн тамчылар.

**Фармадарылык тобу**
Урологияда колдонуучу каражат.
**АТС коду**: G04BP50.

**Фармакологиялык касиеттери**
Фармакодинамикасы
Салттуу өсүмдүк дары каражаты.
Дарыга болгон өзүнчө фармакодинамикалык изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

*Фармакокинетикасы*
Солидагорен дарысына болгон өзүнчө фармакокинетикалык изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**
Бөйрөк (пиелонефрит) жана табарсыктын (цистит) курч жана өнөкөт инфекцияларында негизги (базистик) дарылоо, ошондой эле, комплекстүү дарылоонун курамында катары. Бөйрөктүн инфекциялык эмес өнөкөт ооруларында (гломерулонефрит, интерстициялдык нефрит). Заарада таш пайда болууларын, ошондой эле таштарды алып салгандан кийин да алдын алууда колдонулат.
Бул дары 12 жашка чейинки балдарга колдонууга болбойт.

**Колдонуу жолу жана дозасы**
Чоңдорго жана 12 жаштан жогорку балдарга: 20-30 тамчыдан күнүнө 3 жолу. 30 тамчы 1.4 мл. ге барабар.
Солидагоренди жеткиликтүү өлчөмдөгү суюктук менен кабыл алуу зарыл. Колдонуу узактыгын дарыгер жеке аныктайт.

**Кыйыр таасирлери**
*Абдан сейрек:* Жогорку сезгичтик реакциялары жана аллергиялык реакциялар.
*Жыштыгы белгисиз:* Ичеги-карын жолунда жеңил өзгөрүүлөр. Аллергиялык биринчи белгилер пайда болгондо (мисалы, исиркектер), дарыны колдонууну дароо токтотуу зарыл. Кокустан нускамада көрсөтүлбөгөн кыйыр таасирлер пайда болсо дарыгерге кайрылуу керек.

**Каршы көрсөтмөлөр**
Активдүү затка же дарынын башка бир курам бөлүгүнө болгон жогорку сезгичтик болсо.
Астров чөптөр бүлөөсүнө (Astaraceae) аллергиясы барларга Солидагорен дарысын колдонууга болбойт, анткени көрсөтүлгөн бүлөөдөгү өсүмдүктөр бул чөптөн жасалган дарынын курамына киргенине байланыштуу.

**Ашыкча доза**
Ашыкча доза болгон учурлар тууралуу маалыматтар жок.
Ашыкча доза болгон учурда дарылоо оорунун белгилерине жараша болот.

**Алдын алуу этияттык чаралары**
Жүрөк жетишсиздиктен же бөйрөк алсыздыктан пайда болгон шишимиктерди таратуу үчүн диуретик катары колдонулбайт. Бул өзгөчө улгайган курактагы адамдарды дарылоодо эске алууну талап кылат.
Заарада кан болсо, дене табы жогору болсо, же оорунун белгилери 5 күндөн ашык сакталса, дарыгерге кайрылуу сунушталат.
Дарыда 45% об/об спирт бар. Сунушталган дозаны колдонгондо ар бир 30 тамчыны алган сайын денеге 0,6 г. алкогол кирет.

**Кош бойлуулук жана эмчек эмизген мезгилде колдонуу**
Солидагоренди эмчек эмизген учурда жана кош бойлуу мезгилде дарыгер тарабынан энеге болгон пайда менен балага болгон кооптууулуктун карым-катнашы кылдат баалангандан кийин колдонуу керек..

**Авто унаа айдоо жана механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири**
Сунушталган дозалар сакталса таасирин тийгизбейт.

**Башка дарылар менен өз ара таасири**
Башка дарылар менен өз ара таасири тууралуу учурлар белгисиз. Дарыда алкоголь болгонуна байланыштуу башка дарыларга таасир берүүсү ыктымал.

**Сактоо шарты жана жарактуулук мөөнөтү**
Таңгакчанын өзүндө, 25°С дан жогору эмес аба табында сактоо керек. Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**Жарактуулук мөөнөтү**: 3 жыл.
Флаконду ачкандан кийин жарактуулук мөөнөтү 3 ай. Таңгакчада көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин дарыны колдонууга болбойт.

**Чыгаруу категориясы**
Дарыгердин рецепти жок берилет.

**Чыгаруу формасы жана таңгакчасы**
Ичүү үчүн тамчылар. 20 мл, 50 мл, 100 мл флакондо, тамчылаткычы бар жана пластмассалык буралма капкагы менен.
Картон кутуга 1 флакондон дарыны медицинада колдонуу боюнча кошмо-барагы менен бирге салынат.

**Өндүрүүчү:**
Др. Густав Кляйн ГмбХ & Ко. КГ
Штайненфельд 3, 77736 Целль ам Хармерсбах, Германия/Dr. GustavKlein & Co. KG
Steinenfeld 3, 77736 Zell am Harmersbach, Germany.